*Тарыхый чегинүү*

# ОШ МОҢГОЛДОРДУН УЧУРУНДА

Чыгыштан батышты карай сел сыяктуу каптап кирген Чыңгызхандын аскерлери Орто Азияда мамыр - жумур турмуш күтүп, жерин иштетип, соодасын жүргүзүп турган элге зор бүлгүнчүлүктү алып келди. Ат туягына айдоолор тапталып, базарлар таланып, шаар-кыштактар өрттөлдү. Фергана өрөөнү, мунун ичинде Ош, Өзгөн шаарлары да моңголдордун эзүүсүнүн астында абдан көп жапа чекти, өндүрүштүк иштери токтоп, шаардагы эл азайып турмуш кыйындай баштайт.

Эгерде IX-XII кылымдарда араб жазма эстеликтери боюнча Фергана өрөөнүндө кыркка жакын шаарлардын бар экендиги, сугат тармагы кеңири, жери түшүмдүү, шаарлардын айланасына жакын кыштактардын абдан көп экендиги айтылса, Чыңгызхандын басып алуусунан кийин аз гана шаарлардын бар экендиги XV кылымдагы жазмалардан жолугат. Демек мындан көптөгөн шаарлар өрттөлүп, таланып, талкаланып жок болгонун байкоого болот.

Ош шаары моңгол бийлигинин учурунда негизинен белгисиз бойдон калат. Ошого карабай Ош шаары жана анын аймагы Чыңгызхандын балдарынын бири Чагатайдын карамагындагы жерлерге кирип, анын бийлигине баш ийип тургандыгы белгилүү. Чагатайдын кармагындагы жерлерге бүтүндөй Мавернахр кирип, Жети-Суу, Кашкар жери да караган. Өзгөн шаары ал учурда Чыгатай малекетинин эң маанилүү саясий борбору болуп, XIII кылымдын 40-жылдарында ага өзгөчө роль таандык болгон.

Чагатай доорунун мезгилинде Ош, Өзгөн шаарларындагы монета чыгаруучу сарайлар кезек-кезеги менен иштеп турганын археологиялык казуулардын мезгилинде табылган тыйындар аркылуу билебиз. Сулайман тоосунан табылган жез тыйындар XV кылымга таандык болуп, бул мезгилде Орто Азиянын Ош сыяктуу шаарлары Чыгыш Түркстан менен соода-экономикалык байланышты жүргүзүп турганын байкоого болот. Айрыкча Ош шаары менен Кашкар шаарынын ортосундагы соода-сатык иштери бир топ маанилүү роль ойноп турганын Орто Азиянын шаарларында жана Кашкар шаарында жасалган жез тыйындар аныктап турат.

Ал эми 1953-жылы Ош шаарынан табылган кенчтин арасында Чыгыш Түркстанда, Кашкарда, Бухарада, Ширазда, Гератта жана Самарканда жасалган тыйындар табылып, XV кылымдын акырында Ош шаары Батыш менен Чыгыштагы көптөгөн шаарлар менен соода-сатык иштерин жүргүзүп тургандыгын далилдеди. Бул мезгилде кол өнөрчүлүк кайрадан жанданып, жергиликтүү эл базарларга өздөрүнүн буюмдарын сатууга алып чыккандыгы маалым. Усталардын колунан ак жана кызыл сызыктары бар таштардан бычак саптарын, кемерлердин тоголорун, ар түрдүү сапар куржундарды, ат жабдыктарын. жоокерлерге жебенин учтарын, ошондой эле табылганын өзүнөн ар түрдүү капастарды жасап сатышкан.

Ал эми XV кылымдын экинчи жарымынан баштап Ош шаары Тимуриддердин укум-тукуму болгон улуу моголдор династиясын Индияда биринчи түзгөн Захириддин Мухаммед Бабырдын атасы Өмөр Шайыктын бийлигине өтөт. XV кылымдын акыры XVI кылымдын башталышы Ош шаарынын тарыхы үчүн калабалуу, жаатташып бөлүнүп бийликти, алтын таажылуу

5

ОШ МОҢГОЛДОРДУН УЧУРУНДА

(Башталышы 4-бетте.)

кандык орунду талашкан кармаштардын мезгили болгон.

"Рашиддин тарыхында" ("Тарих-и Рашиди") XIV кылымдын II жарымынан XVI кылымдын ортосуна чейинки аралыкта негизинен Монголистан мамлекетинин аймагында болуп өткөн тарыхый окуялар баяндалат. Анын автору Мухаммед Хайдар дуглат уруусунан чыккан. Ал, анын атасы жана чоң атасы Моголистан хандарынын жек-жааттары жана жакын төрөлөрүнөн болгон. Мухаммед Хайдар XVI кылымдын башталышында Ташкент шаарында туулган, ошондой эле Могул ханы Сайиддин жакын жана ишеничтүү адамдарынын бири болгон. Анын баласы Рашид бийликке келгенде качып барып, Кашмирде чоң эмес бийлик облусун түзгөн. Мына ушул жерде ал 1541-1546-жылдары "Тарих-и- Рашидини" жазган . Бул китеп Моголистан малекетинин тарыхына арналган жападан-жалгыз эмгек болуп саналат.

...Мухаммед Хайдар "Тарихи- и Рашиди" китебинде XV кылымдын аягында Ош шаары аз убакытка могол хандарынын биринин штабы болгонун кабарлайт. Феодалдык өз ара келишпөөчүлүктөрдүн натыйжасында Фергананы башкарып турган Шайых тарабынан Моголистандын бийлөөчүсү, Жунус-ханды жардамга чакыргандыгы тууралуу, ошондой эле "чоң урмат-сый менен тосуп алып, Ош шаарын анын карамагына өткөрүп бергени" айтылат. Ал эми Жунус-хан өзүнүн жакындарын Моголистанга жөнөтөт да, өзү Ош шаарында кыштап калат. Ал эми Жунус-хан Ош вилаетин чыгарманын аты уйкаш автору Мухаммед Хайдар мырзага өткөрүп берет. Ошентип, шаарда жашап калган Жунус-хан андан кетүүнү каалабай, акыры Моголистанга жөнөп жатып, шаарга өзүнүн башкаруучусун калтырып кетет. Ал эми моголдор Оштон кетээри менен Омар Шайых Мухаммед Хайдарды шаардан кубалап жиберип (1484-ж), кайрадан ага өзүнүн жакын адамынын бирин жөнөткөн.

Жогоруда келтирилген маалыматтар аркылуу орто кылымдагы Ош шаарынын окуялары менен Орто Азиянын тарыхы тууралуу баяндаган "Тарих - и-Рашиди" аттуу белгилүү чыгарманын Мухаммед Хайдардын жана атактуу "Бабыр-наменин" автору Захиреддин Мухаммед Бабырдун аталарынын ысымдары кандайдыр өлчөмдө байланыштуу экендиги бизди кызыктырат.

Бабырдун атасы Абу-Саид мырзанын уулу Тимурид Омар Шайых 860-хижра жылында (1455-1456) туулуп, 4 рамазан айында 899-хижда жылында (8-июнь 1494-ж) өлөт. Ал эми Мухаммед Хайдар мырза-дуглат уругунан. "Тарих - и Рашид" китебинин авторунун атасы болгон.

Бул аталган чыгармалар боюнча эки автор тең Ош шаарында болгондугу жөнүндө айтууга акылуубуз, а Бабур болсо Ош жөнүндө эң бир сонун жазма эстелик калтырган.

XV кылымдын аягында XVI кылымдын башында Мавереннахр менен Моголистандын ортосундагы бийлик үчүн феодалдык келишпөөчүлүктөрүнүн айыгышкан күрөшүндө Ош сепил-шаар катары негизги роль ойногон. Алардын кол башчылары Тимурийлер менен Шейбанийлер Ош шаарынын жашоочуларын жана анын айланасындагы дыйкандарды ич ара келишпөөчүлүктөргө тартып, жөнөкөй эмгекчилерди салык эзүүсүнө жана жакырчылыкка алып келген.

Даярдаган: К.ТАШБАЕВ,